"Жылдар өттү”
Сөзү: Жыргалбек Касаболотовдуку
Обону: Догдурбек Акималиевдики

Жылдар өтүп сүрөтүңдү көз көрдү,
Жыйнай албай олтурамын сөздөрдү.
Мен өзгөрдүм, сен өзгөрдүң ал тургай,
Мезгил өзү таанылгыстай өзгөрдү.

Даңгыр жолдор аябаптыр эчкимди,
Далай жолу тандар атып кеч кирди.
Жүзүң тааныш, күлкүң ынак а бирок,
Жүрөгүмдүн канаттары эскирди.

Өзүң менен кошо кеткен жаш чагым,
Өткөн турмуш эстен чыккан жаштамын.
Өзгөрүлдүм сен тааныган учурдан,
Өмүрүм да, өзүм дагы башкамын....